***Турсунбаева К.***

# Өчпөс инсан Рахманжан Маткалыков

Жыйырма биринчи кылымдын жаштары ардактуу адамдардын өз мезгилинде кийинки муундар үчүн чыйыр салып кетишкен жалын жүрөк аталар менен агалардын ысымдарын бүгүнкү күндө да сүймөнчүлүк менен оозго алышат. Алар-кыркынчы жылдын катаал күндөрүндө келечек үчүн күрөшкөн согуштун каармандары. Ошондон улам бүгүнкү күндө дагы улуу муундардын өрнөктүү иштерин, эрдиктерин урмат кылып келебиз. Анткени алар биздин турмушубуздун алгачкы пайдубалын коюп, унутулгус эрдиктерди калтырышкан.

Ноокен (мурунку Ленин) районундагы Ноокен селосунун борборунда гвардиянын майору Рахманжан Маткалыков атындагы колхоз башкармасынын алдында эстелик бар.

Эстеликтин жанында түбөлүк от күн-түн жанып турат. Күмүш өңдүү эстелик булуттарды карай акырын көккө сүзүп, чексиз көк асманга бой керет.

Анын бетинде Совет бийлиги үчүн күрөштө жана Улуу Ата Мекендик согушта баатырларча курман болгон ушул кыштактын эр азаматтарынын аттары алтын тамгалар менен жазылып коюлган,

Улуу Жеңиш майрамында бул эстеликке ар түрдүү гүлдестелерди жаш муундар коюп, эскерип турушат.

Рахманжандын ысмы коюлган айылдын алдыңкы бригадири болгон Өктөм Рахманжанованын үйүндө жөнөкөй сүрөт илинип турат. Анда Буденныйча форма кийген үч жоокер бири-биринин ийинине колдорун коюп турушат. Алар - милициянын генералы Эргеш Алиев, персоналдык пенсионер Бакир Тажыматов, үчүнчүсү болсо Рахманжан Маткалыков.

Басмачыларга каршы Совет бийлиги үчүн болгон күрөш бул жигиттерди өз ара бекем достоштурган. Жыйырманчы жылдардын комсомолу, Ноокен айылдык советиндеги комсомолдук ячейканын секретары Сулайман Эгембердиевдин эскерүүлөрүнөн: «1927-жылы 16-ноябрында Базар-Коргон селосунда жер-суу реформасын өткөрүү боюнча чоң жыйын болуп, анда Жалал-Абад кантондук комитетинин секретары Төрөкул Айтматов менен жолугуштум. Ошол мезгилдеги Жалал-Абад кантондук ГПУсунун начальниги П.А. Муравцовго комсомолдук иштерди иштөөгө мен Маткалыков Рахманжанды сунуш кылдым. Ошентип, ал 1927-жылдын ноябрь айынан Базар-Коргон ГПУсунда 1930-жылга чейин иштеген».

Кийин айыл чарбасын коллективдештирүүгө байланыштуу азыркы Рахманжан айыл өкмөтүндө башкарма болуп иштеп калат. Айылда бейпилдик орноп, эл тынч эмгек кылууга өткөн. Бирок кийинчерээк Гитлердик Германия биздин Ата Мекенибиздин эркиндигине коркунуч келтирип, баскынчылык менен кол салды.

1941-жылдын коңур күзүндө Рахманжан Маткалыков өз ыктыяры менен согушка аттанып кетти. Эшелонго толтурулган түштүк Кыргызстандын жоокерлери Дон областынын Миллераво станциясына токтоп, ага жакын Тарасовка кыштагында аскердик машыгуудан өткөрүлгөн.

Рахманжан басмачыларга каршы күрөштө бирге согушкан Бакир Тажиматов менен ошол жерден жолугушат. Буга чейин эле согуштук эрежелерди так билгендиктен, ок атуунун жолдорун жаш солдаттарга үйрөткөн.

1942-жылдын октябрь айында Сталинградды коргоого катышат. 1208-полкто кызмат кылып, таамай атуу менен душмандын 2 танкасын, бир нече солдаттарын жок кылып, фельдмаршал Паулюс жана анын генералын туткунга түшүрүүгө катышкан. Ошол эрдиги үчүн «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйланган. Бул мезгилде Советтер Союзу эң оор абалда калып. Крымда жана Харьковдун алдындагы чоң жоготууларга учурагандан кийин түштүк жана түштүк-батыш багытындагы аскерлердин абалы аябай оор болгон. Душмандардын абалы кадимкидей оңолуп, катуу чабуулга өтүшүнө шарт түзүлөт. Немецтик-фашисттик аскерлер Донбасстык аскерлерди жеңип, Ростов-на-Дону шаарын кайрадан басып алышат. Июнь айынын аягында душмандар Волгага жана Түштүк Кавказга кол салган. Ал эми Сталинград үчүн оор салгылашуулар 1942-жылдын 18-ноябрына чейин созулган.

Түштүк багыттагы душмандын жаңы чабуулунун учурунда кыргызстандык жоокерлер каармандыктарды көрсөтүштү. Рахманжандын эскерүүлөрүндө төмөнкүдөй деп баяндалат; «Сталинграддын ар бир көчөсү, ар бир үйү үчүн жан аябастан күрөш жүрүп жатты. Шаардын кире бериш жеринде душмандын танкалары менен жасалган каардуу 3 жолку чабуулда 10 жоокер калган элек. Келе жаткан душманга каршы дөңсөө аркылуу сойлоп өтүп 3 танкасы менен 20дай жоокерин жок кылдык. Ангыча биринчи катардагы биздин окопто жаткан жоокерлерибизди көздөй душмандын танкалары мөндүрдөй жааган октун алдында кирип келишти, Биринчи окопто жаткан баардык жоокерлер курман болушту. Экинчи окопто жаткан биздин жоокерлер душмандын танкасын көздөй гранаталарды ыргытууга жетиштик. Ошентип 3 танка өз ордунан жылбай калды. Душман чегине баштады. Биз ураалаган үн менен алдыга көздөй жүгүрдүк», - деп эскерет.

Рахманжан мында душмандын 3 бронемашинасын, 20дан ашык солдатын жок кылган. Ал эрдиги үчүн «Данк» медалдары менен сыйланган. Сталинграддан Польшага чейинки оор салгылашууларды башынан өткөргөн. Ал оор, бирок жеңиштүү жолдорду басып өттү. Молдавияны немецтик баскынчылардан коргоо үчүн болгон согушка катышып, 1944-жылы оор жарадар болуп, 18-бөлүмдүн медициналык санитардык батальонунун госпиталына жеткирилет. Ал жерден жакшы болуп, кайрадан согушка кирген. Немецтик баскынчылардан Польшанын Гданьск шаарын коргоодо Рахманжан Маткалыков 26-август күнү 1944-жылы баатырларча курман болгон. Анын сөөгү Гданьск шаарына коюлган. Согуш аяктагандан кийин Рахманжан Маткалыковго Советтер Союзунун баатыры деген наам берилип, бир канча орден, медалдар менен сыйланган.

Анын артында калган кызы Өктөм Рахманжанова атасынын ысмын көзү өткөнчө даңазалап келди. Согуштун каардуу жылдарында Өктөм он алты жашта эле. «Баардыгы фронт үчүн, баардыгы жеңиш үчүн» деген ураандын алдында тылдагы эмгекчилер фронтко өз салымдарын кошушкан. Өктөм Рахманжанова согушка кеткен эр азаматтардын кеткен ордун басып, трактордун рулун башкарган. Алдыңкы механик болгон. Фрунзе-Ош автотрассасын тең экиге бөлгөн жолдун боюнда турган пахта талааларда Өктөм Рахманжанованын бригадасы эмгек кылган.

Атасынын аты коюлган айылда тылда каармандыкты көрсөткөн Социалисттик эмгектин баатыры, СССР Жогорку Советинин эки жолку чакырылышынын депутаты Саадат Ногоева жашайт. Ал Кыргызстанда биринчи жолу машина менен пахта терүүнүн демилгечиси болгон. Анын терген пахтасынан жылуу кийимдер токулуп, фронтко жоокерлерге жөнөтүлүп турган. Фронттун катышуучусу, панфиловчу Сулайман Эгембердиев да ушул айылдын тургуну, кадырлуу пенсионер.

«Урматтуу Өктөм Рахмановна! Сиз Рахманжан Маткалыковдун кызы экендигиңизди билдик. Биз сиздин атаңыз, Советтик Армиянын майору, Рахманжан Маткалыков шаарыбыз Гданьск үчүн болгон салгылашууда баатырларча курман болгондугун билебиз. Сиздин атаңыз душмандар курчап турган Гданьск шаарын бошотууда өзүнүн эрдигин көрсөткөн. Азыр бул шаар Польшанын эң кооз шаарларынын бирине айланган. Эгер убакыт таап биздин шаарга келип кетсеңиз жакшы болоор эле», - деп жазган. «СССР - Польша» коомунун шаар өкүлү». Рахманжан Маткалыковдун кызы, колхоздун алдыңкы механик айдоочусу, бригада жетекчиси Өктөм Рахманжановага ушундай мазмундагы кат менен кошо Гданьск шаарынын азыркы мезгилиндеги көрүнүшү жөнүндө сүрөт альбому жиберилген. Баатырдын кызы Гданьск шаарынын эли менен ар дайым достук байланышта болуп турган.

Рахманжанова Өктөм атасы Рахманжан Маткалыков жөнүндө төмөнкүдөй эскерет: «Атам каза тапкан жерге, албетте, барамын. Польшанын ыйык топурагына таазим кыламын. Мен өзүмдүн перзенттик саламымды гана эмес, гүлдөп жаткан айылымдан, бүткүл кыргыз элинин атынан салам айтып барамын», - деп бир чети атасын эскерүү менен кубанычтуу түрдө айтаар эле. Бирок шум ажал аны күтүлбөгөн жерден арабыздан алып кетти.

Рахмандын бир тууган агасы Ахматжан аба биз менен болгон аңгемесинде мындайча эскерди; «Гданьск шаарынын эли кыргыздын баатыр уулу Рахманжандын кызы Өктөмдү келет дешип, аны күтүп алууга даярданып жатышкан. Шум ажал Өктөмдү арабыздан алып кеткендигин алар угуп, катуу кайгырышкан. Мен Өктөмдүн сүрөтүн Польшага жөнөттүм, ал эми Рахманжан Маткалыковдун сүрөттөрүн жана согушта жазган каттарын тарых музейине,

областтык архивге тапшырдым. Согуштан калган так дагы эле жүрөгүмдөн кете элек», - деп улутунду карыя. Колхоз башкармасынын жанындагы эстелик түбөлүккө асманга бой тиреп турат. Элдин даңктуу уулу Рахманжан Маткалыковдун ысмын жердештери, ал өзү башкарма болуп иштеген колхозго коюшуп, Рахманжан атындагы колхозго ардактуу мүчө кылып бекитишкен. Баатырдын өзү окуган мектепке да анын ысмы берилген. Ооба, анын ысмы элдин жүрөгүндө түбөлүккө жашай берет.

**Адабияттар**

1. История Великой Отечественной войны Советского Союза (1941-1945гг.). – М., 1961.
2. Киргизия в годы Великой Отечественной войны Советского Союза(1941-1945гг.). Сб. док. – Ф., 1965.
3. Токтоматов А. Советский обүественный и государственный строй в Великой Отечественной войне. – Ф., 1969.
4. Керимбаев С. К. Советский Кыргызстан в годы Великой Отечественной войны. – Ф., 1980.
5. Ош областтык Борбордук архивинен алынган материалдар.
6.Областтык Жибек-Жолу тарыхый музей коругунун казына бөлүмүнөн алынган материалдар.